КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
КЕМИН РАЙОНУ
ОРЛОВКА ШААРЫНЫН
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
КЕМИНСКИЙ РАЙОН
ОРЛОВСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

**Орловка шаарынын кеңешинин XXIX чакырылышынын**
**XVI кезектеги сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

2026-жылдын 06-августу № 112/16-29

**Орловка шаарынын аймагында үй жаныбарларын жана үй канаттууларын багуу Эрежелерин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Ветеринария жөнүндө», Мыйзамынын жана башка Кыргыз Республикасынын ветеринардык мыйзамдарынын, санитардык ченемдеринин жана эрежелеринин негизинде, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Орловка шаарынын кеңеши **токтом кылат**:

1. Орловка шаарынын аймагында үй жаныбарларын жана үй канаттууларын багуу Эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Орловка шаарынын кеңешинин 2023-жылдын 22-майындагы "Орловка шаарынын мэриясынын аймагында жаныбарларды кармоонун ветеринардык-санитардык эрежелерин бекитүү жөнүндө" №98/21-28 токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

3. Бул токтом тиркемеси менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб-сайтында жарыялансын.

4. Шаардык кеңештин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын, маалымат такталарына жайгаштырсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемеси менен ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигине жөнөтүлсүн.

5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышы Орловка шаарынын мэри А.А.Койшыбаевге жүктөлсүн.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Орловка шаарынын өнөр жай, экология, өзгөчө кырдаалдар, транспорт жана турак жай-коммуналдык кызматтар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Токтакунов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
КЕМИН РАЙОНУ
ОРЛОВКА ШААРЫНЫН
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
КЕМИНСКИЙ РАЙОН
ОРЛОВСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**
**XVI очередной сессии Орловского городского кенеша XXIX созыва**

06 августа 2026 года № 112/16-29

**Об утверждении Правил содержания домашних животных и птиц на территории города Орловка**

На основании Закона Кыргызской Республики «О ветеринарии», ст 34 Закона Кыргызской Республики «О местном самоуправлении и местной государственной администрации», ветеринарного законодательства Кыргызской Республики, санитарных норм и правил, с учетом предложений депутатов Орловский городской кенеш **постановляет**:

1. Утвердить Правила содержания домашних животных и птиц на территории города Орловка согласно приложения.

2. Признать утратившим силу постановление Орловского городского кенеша №98/21-28 от 22 мая 2023 года "Об утверждении ветеринарно-санитарных Правил содержания животных на территории мэрии г.Орловка"

3. Настоящее постановление с приложением опубликовать на официальном веб-сайте Государственного агентства по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики.

4. Ответственному секретарю Орловского городского кенеша зарегистрировать настоящее постановление, разместить на информационных досках и направить его копию с приложением в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики.

5. Настоящее постановление вступает в силу со дня включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики.

6. Исполнение настоящего постановления возложить на мэра г.Орловка А.А.Койшыбаева.

7. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на постоянную комиссию по промышленности, экологии, ЧС, транспорту и жилищно-коммунальным службам Орловского городского кенеша.

**Председатель** **М.И.Токтакунов**

**УТВЕРЖДЕНО**
постановлением
Орловского городского кенеша
№112/16-29 от 06 августа 2026 года
М.И.Токтакунов __________

# ПРАВИЛА
## содержания домашних животных и птиц
## на территории города Орловка

## Общая часть

Настоящие Правила содержания домашних животных и птиц в городе Орловка (далее – Правила) разработаны на основании законов Кыргызской Республики «О ветеринарии», «О местном самоуправлении и местной государственной администрации», ветеринарного законодательства Кыргызской Республики, санитарных норм и правил, а также иных нормативных правовых актов.

Правила предусматривают комплекс ветеринарно-санитарных, организационных и профилактических мероприятий, направленных на:

- охрану окружающей среды;
- обеспечение санитарного порядка;
- предупреждение распространения инфекционных заболеваний;
- обеспечение безопасности населения.

Исполнение настоящих Правил является обязательным для всех физических и юридических лиц на территории города Орловка.

---

Разрешается

**1.** Содержание продуктивных животных и птиц в частных подворьях

Допускается содержание:

1. до 2 коров с молодняком до 1 года или до 4 голов КРС на откорме;
2. до 2 свиноматок с приплодом или до 6 голов на откорме;
3. до 10 голов овец;
4. до 10 голов мелких животных (кролики, нутрии и др.);
5. птицы (куры, утки, гуси, индейки) – до 50 голов.

2. Содержание домашних животных в многоквартирных домах

Допускается содержание:

- 1 собаки;
- до 2 кошек.

Животные являются собственностью владельца. Вред, причиненный животными, подлежит возмещению в установленном законом порядке.

Раздел I. Правила содержания продуктивных животных и птиц

1. Владельцы обязаны:

- содержать животных в специально оборудованных помещениях;
- соблюдать санитарные нормы (очистка, дезинфекция);
- оборудовать места хранения навоза внутри своей территории.
- предоставлять животных для ветеринарного осмотра;
- обеспечивать расстояние от жилых домов не менее 15 метров и не менее 50 метров от общественных учреждений.

2. Запрещается:

- содержать животных в многоквартирных домах;
- выпасать животных на улицах, в парках и общественных местах;
- поить животных в общественных водоемах и фонтанах;

- перевозить животных без ветеринарных документов;
- осуществлять убой вне установленных мест;
- проводить продажу животных без разрешения ветеринарной службы.

Раздел II. Правила содержания собак и кошек

3. Владельцы обязаны:
- регистрировать животных;
- ежегодно проводить вакцинацию;
- соблюдать санитарные нормы при выгуле;
- выгуливать собак на поводке и при необходимости в наморднике;
- убирать за животными;
- сообщать о заболеваниях в ветеринарную службу;
- обеспечивать безопасность окружающих.

4. Запрещается:
- выгуливать животных в общественных местах (детские площадки, рынки и др.);
- содержать животных в общежитиях при общем входе;
- загрязнять подъезды и дворы;
- купать животных в общественных водоемах;
- перевозить животных без документов;
- выгуливать собак в состоянии алкогольного опьянения.

Раздел III. Полномочия органов и служб

5. Органы местного самоуправления и МП «Орловское городское ЖКХ»:
- осуществляют контроль за соблюдением Правил;
- обеспечивают санитарное состояние территории;
- организуют отлов безнадзорных животных;
- информируют население о правилах содержания животных;
- принимают меры при нарушениях.

---

6. МП «Орловское городское ЖКХ»:
- осуществляет отлов безнадзорных животных;
- обеспечивает их содержание или утилизацию в установленном порядке;

---

7. Государственная ветеринарная служба:
- проводит профилактические мероприятия;
- контролирует соблюдение ветеринарных норм;
- выдает ветеринарные документы;
- применяет меры административного воздействия при нарушениях.

---

Заключительная часть

Лица, нарушившие настоящие Правила, несут ответственность в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

Воздействие на должностных лиц, осуществляющих контроль, запрещается и влечет ответственность.

Мэр г.Орловка

____________Койшыбаев А. А.

Директор МП "Орловское городское ЖКХ"

____________Кудайбергенов А. Ш.

**БЕКИТИЛДИ**
Орловка шаардык кеңешинин
2026-жылдын 06-августундагы
№ 112/16-29 токтому менен
М.И.Токтакунов ____________

# Орловка шаарынын аймагында үй жаныбарларын жана үй канаттууларын багуу
# ЭРЕЖЕЛЕРИ

**Жалпы бөлүк**

Ушул Орловка шаарында үй жаныбарларын жана үй канаттууларын багуу эрежелери (мындан ары – Эрежелер) Кыргыз Республикасынын «Ветеринария жөнүндө», «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын ветеринардык мыйзамдарынын, санитардык ченемдеринин жана эрежелеринин, ошондой эле башка ченемдик укуктук актыларынын негизинде иштелип чыккан.

Эрежелер төмөнкүлөргө багытталган ветеринардык-санитардык, уюштуруучулук жана алдын алуу иш-чараларынын комплексин карайт:

* айлана-чөйрөнү коргоо;
* санитардык тартипти камсыз кылуу;
* жугуштуу оорулардын жайылышын алдын алуу;
* калктын коопсуздугун камсыз кылуу.

Ушул Эрежелердин талаптарын аткаруу Орловка шаарынын аймагындагы бардык жеке жана юридикалык жактар үчүн милдеттүү болуп саналат.

Уруксат берилет

**1. Жеке короо-жайларда өндүрүмдүү жаныбарларды жана үй канаттууларын багуу**

Төмөнкүлөрдү багууга уруксат берилет:

1. Бир жашка чейинки төлү менен 2 башка чейин уйду же бордоп семиртүү үчүн 4 башка чейин ири мүйүздүү малды;
2. Төлү менен 2 башка чейин мегежинди же бордоп семиртүү үчүн 6 башка чейин чочкону;
3. 10 башка чейин койду;
4. 10 башка чейин майда жаныбарларды (коён, нутрия жана башкалар);
5. Үй канаттууларын (тоок, өрдөк, каз, үндүк) – 50 башка чейин.

**2. Көп кабаттуу үйлөрдө үй жаныбарларын багуу**

Төмөнкүлөрдү багууга уруксат берилет:

* 1 ит;
* 2 мышыкка чейин.

Жаныбарлар ээсинин менчиги болуп эсептелет. Жаныбарлар тарабынан келтирилген зыян Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте орду толтурулууга тийиш.

**I бөлүм. Өндүрүмдүү жаныбарларды жана канаттууларды багуу эрежелери**

1. Жаныбар ээлери төмөнкүлөргө милдеттүү:

* жаныбарларды атайын жабдылган жайларда багууга;
* санитардык нормаларды сактоого (тазалоо, дезинфекциялоо иштерин жүргүзүү);
* кык сактоо үчүн өз аймагынын ичинде атайын жайларды уюштурууга;
* жаныбарларды ветеринардык кароодон өткөрүү үчүн берүүгө;
* жаныбарларды багуучу жайларды турак үйлөрдөн кеминде 15 метр, ал эми коомдук мекемелерден кеминде 50 метр аралыкта жайгаштырууну камсыз кылууга.

**2. Тыюу салынат:**

* жаныбарларды көп кабаттуу үйлөрдө багууга;
* жаныбарларды көчөлөрдө, сейил бактарда жана коомдук жайларда жайууга;
* жаныбарларга коомдук суу объектилеринен жана фонтандардан суу ичирүүгө;
* жаныбарларды ветеринардык документтери жок ташууга;

* жаныбарларды белгиленген жайлардан тышкары союуга;
* ветеринардык кызматтын уруксатысыз жаныбарларды сатууга.

**II бөлүм. Иттерди жана мышыктарды багуу эрежелери**

**3. Жаныбар ээлери төмөнкүлөргө милдеттүү:**

* жаныбарларды каттоодон өткөрүүгө;
* жыл сайын эмдөөдөн өткөрүүгө;
* сейилдетүүдө санитардык нормаларды сактоого;
* иттерди байлоочу каражат менен, зарыл болгон учурда тумшук кап (намордник) менен сейилдетүүгө;
* жаныбарлардан кийин тазалоого;
* жаныбарлардын оорулары жөнүндө ветеринардык кызматка билдирүүгө;
* айланадагы адамдардын коопсуздугун камсыз кылууга.

---

**4. Тыюу салынат:**

* жаныбарларды коомдук жайларда (балдар аянтчаларында, базарларда жана башка жерлерде) сейилдетүүгө;
* жалпы кире бериши бар жатаканаларда жаныбарларды багууга;
* подъезддерди жана короолорду булгоого;
* жаныбарларды коомдук суу объектилеринде жуунтууга;
* жаныбарларды документтери жок ташууга;
* иттерди мас абалында сейилдетүүгө.

---

**III бөлүм. Органдардын жана кызматтардын ыйгарым укуктары**

**5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана «Орловка шаардык ТКЧ» муниципалдык ишканасы:**

* ушул Эрежелердин сакталышын көзөмөлдөйт;
* аймактын санитардык абалын камсыз кылат;
* кароосуз калган жаныбарларды кармоону уюштурат;
* калкка жаныбарларды багуу эрежелери жөнүндө маалымат берет;
* эрежелер бузулган учурда тиешелүү чараларды көрөт.

---

**6. «Орловка шаардык ТКЧ» муниципалдык ишканасы:**

* кароосуз калган жаныбарларды кармоо иштерин жүргүзөт;
* аларды белгиленген тартипте кармоону же жок кылууну камсыз кылат.

---

**7. Мамлекеттик ветеринардык кызмат:**

* алдын алуу иш-чараларын жүргүзөт;
* ветеринардык нормалардын сакталышын көзөмөлдөйт;
* ветеринардык документтерди берет;
* мыйзам бузуулар болгон учурда административдик чараларды колдонот.

---

**Жыйынтыктоочу бөлүк**

**Ушул Эрежелерди бузган адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.**

**Көзөмөл жүргүзүүчү кызмат адамдарына тоскоолдук кылууга жол берилбейт жана мындай аракеттер мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке алып келет.**

| | |
|---|---|
| **Мэр г.Орловка** | **"Орловка шаардык ТКЧ" МИ мекеме башчысы** |
| **______________ Койшыбаев А. А.** | **______________ Кудайбергенов А. Ш.** |